КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

БУЙРУК ПРИКАЗ

№ 19/1 2021 жылдын «13» января

**2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде окуу процессин аралаш окутуу форматында уюштуруунун алгоритмин бекитүү жөнүндө**

Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жана эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен коопсуз окутуу шарттарын камсыздоо максатында **буйрук кылам:**

1. 2020-2021 окуу жылынын жазгы семестринде окуу процессин аралаш окутуу форматында уюштуруунун алгоритми тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү процесси 2021-жылдын жазгы семестринин башталышы менен бекитилген Алгоритмге ылайык уюштурулсун.
3. Жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын жетекчилери менчик формасына жана ведомстволук таандыгына карабастан төмонкүлөрдү камсыздашсын:

- санитардык-гигиеналык талаптарды жана эпидемияга каршы режимди эске алуу менен окуу процессин, экзамендик сессияларды, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны, консультацияларды, өндүрүштүк практикаларды уюштуруу боюнча ички документтерди/колдонмолорду иштеп чыгуу жана бекитүүнү;
- COVID-19 жайылышын алдын алуу жана эпидемияга каршы режимди сактоо боюнча маалыматтык материалдарды иштеп чыгууну, студенттер, окутуучулар жана кызматкерлер үчүн маалыматтык кампанияларды өткөрүүнү;
- реалдуу режимде окутууга өткөнгө чейин тейлөөчү Инфекцияларды алдын алуу борборунун жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн адистери менен консультацияларды уюштурсун жана шарттарды алардын сунуштарына ылайык камсыздашсын;
- окутуучуларга жана студенттерге окутууну салттуу форматта калыбына келтирүү датасы, окутуунун алгоритми жана эпидемияга каршы режимдин талаптары жонүндө өз убагында маалымдоону камсыздашсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

**Об утверждении Алгоритма организации учебного процесса в формате смешанного обучения в весеннем семестре 2020-2021 учебного года**

В целях обеспечения качества высшего и среднего профессионального образования и обеспечения безопасных условий обучения с учетом эпидемиологической обстановки на основании **приказываю**:

1. Утвердить Алгоритм организации учебного процесса в формате смешанного обучения в весеннем семестре 2020-2021 учебного года согласно приложению.
2. Организовать образовательный процесс по программам высшего и среднего профессионального образования с начала весеннего семестра 2021 года в соответствии с утвержденным Алгоритмом.
3. Руководителям высших и средних учебных заведений, вне зависимости от форм собственности и ведомственной принадлежности обеспечить:

- разработку и утверждение внутренних документов/руководств с учетом требований санитарно-гигиенического и противоэпидемического режима по организации учебного процесса, экзаменационной сессии, государственной итоговой аттестации, консультаций, производственной практики.
- разработку информационных материалов по профилактике распространения COVID-19 и соблюдению противоэпидемического режима, проведение информационных кампаний для обучающихся, преподавателей и сотрудников;
- до перехода на обучение в реальном режиме организовать консультирование со специалистами курирующего Центра профилактики инфекций и государственного санэпиднадзора и обеспечить условия в соответствии с их рекомендациями;
- своевременное информирование преподавателей и студентов о дате возобновления обучения в традиционном формате, об алгоритме проведения обучения и требованиях противоэпидемического режима.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.К.Омурова.

**Министр** **А.Б.Бейшеналиев**

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министри
_______________________
А.С.Бейшеналиев
«13» 01 2021-ж.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2021-жылдын
«13» январындагы
№ 19/1 буйругуна
тиркеме

**2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде гибриддүү (аралаш) окутуу форматында Кыргыз Республикасындагы жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында окуу процессин уюштуруунун алгоритми**

Бул алгоритм жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында (жож, коож) аралыктан окутуу (онлайн) процессинен реалдуу режимдеги (офлайн) салттуу окутуу процессине өтүү учурунда коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы алдын алуу боюнча сунуштарды белгилейт.

***I. Окуу процессин уюштуруу***:

1. Толугу менен салттуу форматтагы (офлайн) окутууну уюштурууга төмөнкүлөр үчүн уруксат берилет:

- даярдоонун бардык багыттары жана адистиктери боюнча бүтүрүүчү курстардын студенттери/ магистранттары;
- медициналык адистиктердин студенттери.

2. Даярдоонун багыттары жана адистиктери боюнча кенже курстардын студенттери (бүтүрүүчү курстан жана медициналык адистиктерден тышкары) үчүн окутуу процесси төмөнкү алгоритмди сактоо менен аралаш окутуу форматы колдонулуп уюштурулат:

- окутуу планынын бардык циклдериндеги дисциплиналар боюнча лекциялык сабактар аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт;
- бакалаврларды жана адистерди даярдоо багыттары боюнча “Гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдин”, магистрлерди даярдоо багыты боюнча “Жалпы илимий циклдин” дисциплиналары боюнча студенттердин практикалык сабактары аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт;
- атайын окутуу-методикалык материалдарды, жабдууларды жана шаймандарды колдонуу менен контакттуу окутуу талап кылынбаган “Математика жана табигый илимдер циклинин” дисциплиналары боюнча практикалык жана лабораториялык сабактар алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт, ал эми контакттык окутуу талап кылынган учурда салттуу форматта өткөрүлөт;

- “Кесиптик циклдин” дисциплиналары боюнча практикалык жана лабораториялык сабактар жана окутуу планында каралган практиканын бардык түрлөрү жождордун жана коождордун тандоосу боюнча алыстан окутуу же салттуу форматта уюштурулат.

3. Окутууну салттуу форматта уюштуруу учурунда окуу жайдын ичинде бир убакытта студенттердин саны минималдуу болгондой кылып, окутуу сабактарынын ийкемдүү ырааттамасын (расписаниесин) түзүү керек. Жождун жана коождун тандоосу боюнча студенттердин контингентин 2-3 нөөмөткө сабактарга келүүгө аныкталган жана так белгиленген күндөрү менен бөлүштүрүүгө жол берилет.

4. Чоң группаларды социалдык аралыкты сактоо шартында бир аудиторияда 15-20 студенттен ашпагандай кылып бөлүштүрүү сунушталат.

5. Танапис учурунда студенттердин баарлашуусун минималдаштыруу боюнча чараларды көрүү, коридорлордо, имаратка кире бериш жерде жана аудиторияда студенттердин топтолуусуна жол бербөө зарыл.

6. Студенттердин ар түрдүү топторунун арасында массалык иш-чаралар өткөрүлбөшү керек.

7. Студенттердин арасында “COVID-19” инфекциясын алдын алуу чараларын сактоо боюнча иштерди жүргүзүү (лекциялар, видео роликтер, материалдар университеттердин сайтында жайгаштырылышы мүмкүн) зарыл.

8. Авиа каттамдар калыбына келбеген же “чек аралар ачылбаган” чет өлкөлөрдүн жарандары - студенттер үчүн барып келүүдөгү чектөөлөр алынганга чейин окутуу аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде уюштурулат.

9. Чет өлкөлөрдүн жарандары - студенттерге окуу процессине катышууга “COVID-19га” текшерүүнүн жыйынтыгы болгон учурда гана уруксат берилет.

***II. Экзамендик сессияларды жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекетик аттестациясын өткөрүү.***

1. 2-курстун студенттери үчүн “Кыргызстан тарыхы”, “Кыргыз тили жана адабияты” жана “Кыргызстандын географиясы” боюнча комплекстүү мамлекеттик экзамен 2020-жылда онлайн режимде жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча сунуштарды эске алып, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы салттуу форматта өткөрүлөт.

3. Жыйынтыктоочу лекциялар жана консультациялар жождун жана коождун тандоосу боюнча алыстан же салттуу форматта өткөрүлөт.

4. Студенттер үчүн экзамендик сессиялар төмөнкү алгоритм боюнча уюштурулат:

- “Гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдин” жана “Математика жана табигый илимдер циклинин” дисциплиналары боюнча аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт;

- “Кесиптик циклдин” дисциплиналары боюнча салттуу форматта өткөрүлөт.

***III. Окуу жайларда жана жатаканаларда санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо:***

| Иш-чаралар | Иш-чараларды аткаруу шарттары |
|---|---|
| ***“Кирүү фильтрин” уюштуруу*** | 1. Окуу корпусуна/жатаканага кире бериш жерде “кирүү фильтри” уюштурулушу зарыл, ал колду дезинфекциялоо үчүн антисептиги бар санитайзер жана электрондук термометр менен (контактсыз) жабдылышы керек;<br>2. Кире бериш жердеги “кирүү фильтрине” жооптуу адам:<br>- Имаратка кирген бардык адамдардын дене табын контактсыз өлчөйт;<br>- Кирген адамдарда жөтөлдүн, энтигип дем алуунун, сасык тумоонун болуусуна байкоо жүргүзөт жана ал жөнүндө кыскача сураштырат;<br>- Имаратка кирүү учурунда адамдардын ортосундагы 1-1,5 метр физикалык аралыктын сакталышын камсыздайт;<br>- Дене табы жогору болгон жана/же инфекциянын белгилери бар адамды аныктоодо кичипейил жана сылык формада имараттын ичине кирбөөнү жана ҮМБдагы дарыгерге же колл-борборго кайрылууну сунуштайт. |
| ***Беткап режими*** | 1. Окуу имаратына беткапсыз кирүүгө жана беткапсыз жүрүүгө тыюу салынат;<br>2. Беткапты оозду, мурунду жана ээкти жапкандай кылып тагынуу зарыл;<br>3. Бепкаптын боосу болсо, аларды бекем байлоо керек;<br>4. Беткапта мурундун тегерегинде тигилген |

| | |
|---|---|
| | ийкемдүү пластина болсо, беткап менен бетти толугу менен жабуу үчүн аны мурундун кырына бекем кысуу зарыл.<br>5. Беткапта атайын бүктөлүштөр болсо, бетти толугу менен жабуу үчүн аларды толук ачып, беткапка функционалдуу форманы берүү зарыл.<br>6. Беткапты ашыкча кармоодон баш тартуу керек. Беткапты кармаган учурда колду антисептик менен дезинфекциялоо керек.<br>7. Эгерде беткап нымдуу же булганып калса, аны таза жана кургак беткапка алмаштыруу зарыл.<br>8. Беткапты ар бир 2 саатта алмаштырып туруу керек.<br>9. Медициналык беткап бир жолу пайдаланылат.<br>10. Окуу жайдын, кафедранын кире бериш жеринде беткап режимин катуу сактоо жөнүндө кулактандырууну илүү зарыл. |
| ***Физикалык аралыкты сактоо*** | 1. Адамдардын ортосундагы минималдуу 1-1,5 метрден кем эмес физикалык аралыкты сактоо зарыл. Ошол эле учурда бул физикалык аралыкты ар бир жерде: окутуу аудиторияларында, фойеде, көчөдө сактоо керек.<br>2. Физикалык контакттан, анын ичинде кол берип саламдашуу жана кучакташуудан баш тартуу зарыл.<br>3. Адамдардын топтолуусунан жана адамдар көп чогулган жерлерге баруудан баш тартуу керек.<br>4. Сабактардан кийин жана бош убакытта биргелешип убакыт өткөрүүдөн баш тартуу керек.<br>5. Массалык иш-чаралардын өткөрүлүшүн болтурбоо зарыл. |
| ***Колдун гигиенасы*** | 1. Жождо жана коождо жожго/факультетке, кафедрага кире бериште колду дезинфекциялоо үчүн антисептикалык каражаттардын болуусу камсыздалашы керек.<br>2. Кире бериш жерде билим алуучулардын жана кызматкерлердин колун антисептиктер менен дезинфекциялоо камсыздалашы керек. Ушул гигиеналык процедуранын сакталышын |

| | |
|---|---|
| | көзөмөлдөөнү камсыздоо зарыл.<br>3. Санитардык түйүндөрдө самындын жана даарат кагазынын дайыма болуусу камсыздалсын, колду дезинфекциялоо үчүн антисептикалык каражаттар менен дозаторлорду орнотуу керек.<br>4. Ажатканаларда жана окутуу бөлмөлөрүндө чыканак санитайзерлерин орнотуу зарыл. |
| ***Жөтөл этикетин сактоо*** | 1. Жөтөлүү жана чүчкүрүү учурунда оозду жана мурунду бир жолу колдонулуучу салфетка менен жаап, жаныбызда турган адамдардан башка жакка бурулуу керек.<br>2. Салфетка жок болсо, алаканга же муштумга жөтөлүү туура эмес. Жөтөлүү учурунда оозду чыканак же колдун сырты менен жабуу жакшыраак.<br>3. Какырыкты/шилекейди полго түкүрүүгө тыюу салынат. Бир жолу колдонулуучу салфеткаларды пайдалануу керек. |
| ***Имараттарды желдетүү жана абаны зыянкечтерден тазалоо*** | 1. Ар бир сабактан кийин, билим алуучулар жокто окуу бөлмөлөрүн, лекциялык залдарды, спорт залды, окутуу устаканаларын өтмө желдетүүнү камсыздоо зарыл. Бирок, 2 саатта 1 жолудан кем эмес;<br>2. Имараттарды желдетүүнү дезинфекциялык иш-чаралардан жана абаны кварцтоодон кийин да жүргүзүү керек, эгерде мындай иш-чаралар жүргүзүлсө.<br>3. Аба ырайынын шарттарын эске алуу менен дене тарбия сабактарын ачык абада өткөрүүнү уюштуруу сунушталат. Спорт залында өтүүчү сабактардын санын кыскартып, дене тарбия сабактары үчүн ачык спорт аянтчаны колдонуу керек.<br>4. Мүмкүнчүлүккө жараша аба чөйрөсүн дезинфекциялоону абаны зыянкечтерден тазалоо үчүн шаймандарды колдонуу менен камсыздоо (бактерициддик рециркуляторлор, кварц лампалары) керек. |
| ***Имараттарды, жабдууларды, инвентарларды дезинфекциялоо жана*** | 1. Танапис учурунда (күнүнө 2 жолудан кем эмес) жана сабактар бүткөндөн кийин жумушчу беттерди, полду, эшиктин туткаларын, азык- |

| | |
|---|---|
| ***санитардык кармоо*** | түлүк блокторунун имараттарын, эмеректерди, санитардык түйүндөрдү, крандардын вентилдерин, унитаздардагы бочоктордун баскычтарын дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоону уюштуруу зарыл.<br>2. Дезинфекциялоочу каражаттарды өндүрүүчүнүн нускамасына ылайык вирустук инфекция үчүн концентрацияны эске алуу менен колдонуу керек. |
| ***Билим алуучуларга жана жождун кызматкерлерине маалымдоо чаралары*** | 1. Көрсөтмө берүү журналында каттоо менен кызматкерлерге жана профессордук-окутуучу курамга коронавирус инфекциясын (COVID-19) алдын алуу боюнча көрсөтмө берүү зарыл.<br>2. Окутуучулар жана билим алуучулар үчүн коронавирус инфекциясын алдын алуу боюнча эскертмелерди маалымат стенддеринде жана сайтта жайгаштыруу керек.<br>3. Беткап режимин сактоо зарылдыгы, кол гигиенасы, жөтөл этикети, физикалык аралыкты сактоо, ошондой эле жеке гигиенанын эрежелери жөнүндө билим алуучуларга маалымат берүүнү камсыздоо зарыл.<br>4. Билим алуучуларга сунуштар жана эскертмелер менен тааныштыруу аркылуу инфекцияны жуктуруу жана анын белгилери, жаңы коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө маалымдоо зарыл. |
| ***Обочолонуу – чектөө чаралары*** | 1. Мүмкүнчүлүккө жараша ар бир группага окутуу бөлмөсүн аныктоо жана предметтик окутууну уюштуруп, ар бир группаны аныкталган бөлмөдө окутуу сунушталат. |
| ***Жатаканалардагы эпидемияга каршы режим*** | 1. Студенттердин ден соолугун күн сайын кароону уюштуруу – дене табын текшерүү жана инфекциянын белгилеринин болуусун сурамжылоо |

| | |
|---|---|
| **СОГЛАСОВАНО**<br>**Министр здравоохранения Кыргызской Республики**<br>**________________**<br>**А.С.Бейшеналиев**<br>**«13» 01 2021г.** | **Приложение**<br>**к приказу Министерства образования и науки Кыргызской Республики от «13» января 2021 года**<br>**№ 19/1** |

**Алгоритм по организации учебного процесса в высших и средних профессиональных учебных заведениях Кыргызской Республики в формате гибридного (смешанного) обучения в весеннем семестре 2020-2021 учебного года**

Настоящий алгоритм представляет собой рекомендации по предупреждению распространения коронавирусной инфекции в процессе перехода с дистанционного обучения (онлайн) на традиционное обучение в реальном времени (офлайн) в вузах и спузах.

***I. Организация учебного процесса***:

1. Организация обучения полностью **в традиционном формате (офлайн) разрешается**:

- для студентов/магистрантов выпускных курсов по всем направлениям подготовки и специальностям;

- для студентов медицинских специальностей.

2. Для студентов младших курсов (за исключением выпускного курса) направлений подготовки и специальностей (за исключением медицинских) учебный процесс организуется с использованием смешанного обучения с соблюдением следующего алгоритма:

- лекционные занятия по дисциплинам всех циклов учебного плана проводятся в удаленном режиме с применением дистанционных образовательных технологий;

- практические занятия по дисциплинам «Гуманитарного и социально-экономического цикла» студентов по направлениям подготовки бакалавров и специалистов, «Общенаучного цикла» по направлениям подготовки магистров проводятся в удаленном режиме с применением дистанционных образовательных технологий;

- практические и лабораторные занятия по дисциплинам «Математического и естественнонаучного цикла», где не требуется контактное обучение с использованием специальных учебно-методических материалов, оборудования и приборов, проводятся в удаленном режиме, а где требуется в традиционном формате;

- практические и лабораторные занятия по дисциплинам «Профессионального цикла» и все виды практики, предусмотренные

учебным планом, организуются на усмотрение вуза и спуза в удаленном или традиционном формате.

3. При организации обучения в традиционном формате необходимо составить гибкое расписание учебных занятий, чтобы в стенах учебного заведения одновременно находились бы минимальное количество студентов. На усмотрение вуза и спуза, допускается разделение студенческого контингента на 2-3 смены с определенными зафиксированными днями посещения занятий.

4. Рекомендуется предусмотреть разделение больших групп так, чтобы в одной аудитории находились не более 15-20 студентов при условии соблюдении социальной дистанции

5. Принять меры по минимизации общения студентов во время перерывов, не допускать скопления студентов в коридорах, у входа в здание и аудитории.

6. Не проводить массовые мероприятия среди различных групп студентов.

7. Проводить среди студентов работы по соблюдению мер профилактики «COVID-19» (лекции, видеоролики, материалы могут быть размещены на сайтах университетов).

8. Для студентов граждан зарубежных государств, с которыми не восстановлены авиа перелеты или не «открыты границы» организовать обучение в удаленном режиме с применением дистанционных образовательных технологий до снятия ограничений в передвижении.

9. Организовать допуск студентов граждан зарубежных государств к учебному процессу при наличии результатов обследования на «COVID-19».

***II. Проведение экзаменационных сессий и государственной аттестации выпускников.***

1. Комплексный государственный экзамен по «Истории Кыргызстана», «Кыргызскому языку и литературе» и «Географии Кыргызстана» для студентов 2 курса проводится в удаленном режиме с учетом Рекомендаций по проведению итоговой государственной аттестации выпускников высших и средних профессиональных учебных заведений 2020 года в онлайн режиме с применением дистанционных образовательных технологий.

2. Государственная аттестация выпускников проводится в традиционном формате.

3. Обзорные лекции и консультации проводятся на усмотрение вуза и спуза в удаленном или традиционном формате.

4. Экзаменационные сессии для студентов организуются по следующему алгоритму:

- по дисциплинам «Гуманитарного и социально-экономического цикла» и «Математического и естественнонаучного цикла» проводятся в

удаленном режиме с применением дистанционных образовательных технологий;

- по дисциплинам «Профессионального цикла» проводятся в традиционном формате.

***III. Соблюдение санитарно-эпидемиологических правил в учебных заведениях и общежитиях:***

| **Мероприятия** | **Условия выполнения мероприятий** |
|---|---|
| ***Организация «Входного фильтра»*** | 1. При входе в учебный корпус/общежитие должен быть организован «входной фильтр», который должен быть оснащен санитайзером с антисептиком для обработки рук и электронным термометром (бесконтактный);<br>2. Ответственный за «входной фильтр» на входе:<br>- Проводит бесконтактную термометрию всем входящим в здание;<br>- Бегло осматривает и кратко опрашивает входящих пациентов на наличие кашля, одышки, насморка;<br>- Обеспечивает соблюдение физического дистанцирования 1-1,5м. между посетителями при входе;<br>- При выявлении температурящего и/или с симптомами инфекции, в вежливой и корректной форме просит не входить в здание, а обратиться по телефону в ЦСМ к врачу или колл-центр |
| ***Масочный режим*** | 1. Вход и нахождение в учебном здании/помещениях без маски запрещен;<br>2. Надевать маску следует так, чтобы она закрывала рот, нос и подбородок;<br>3. При наличии завязок на маске их следует крепко завязывать;<br>4. При наличии вшитой гибкой пластины в области носа, ее следует плотно прижать к спинке носа для обеспечения более плотного прилегания к лицу; |

| | |
|---|---|
| | 5. При наличии специальных складок на маске, их необходимо развернуть, придав маске более функциональную форму для плотного прилегания к лицу;<br>6. Необходимо избегать касаний маски. В случае прикосновения к маске, необходимо обработать руки кожным антисептиком;<br>7. Если маска стала влажной или загрязнилась ее следует заменить на чистую и сухую;<br>8. Менять маску необходимо не реже чем через 2 часа;<br>9. Медицинскую маску используют однократно;<br>10. На входе в учебное заведение, кафедру разместить объявления о строгом соблюдении масочного режима. |
| ***Физическое дистанцирование*** | 1. Необходимо сохранять минимальную дистанцию между людьми не менее 1,5 метра. При этом сохранять ее нужно везде: в учебных аудиториях, фойе, на улице.<br>2. Необходимо избегать физических контактов, включая рукопожатия и объятия.<br>3. Необходимо избегать скоплений людей и воздержаться от посещения людных мест.<br>4. Воздержаться от совместного времяпрепровождения после занятий и в свободное время.<br>5. Исключить проведение массовых мероприятий. |
| ***Гигиена рук*** | 1. В вузе и спузе должно быть обеспечено наличие антисептических средств для обработки рук на входе в вуз/факультет, на кафедру.<br>2. Обеспечить при входе обработку рук обучающихся и сотрудников антисептиками. Обеспечить контроль соблюдения данной гигиенической процедуры.<br>3. Обеспечить постоянное наличие мыла, туалетной бумаги в санузлах, установить дозаторы с антисептическим средством для |

| | |
|---|---|
| | обработки рук.<br>4. Установить локтевые санитайзеры с антисептиком в туалетах и учебных комнатах |
| ***Соблюдение этикета кашля*** | 1. При кашле и чихании следует отворачиваться в сторону от окружающих, прикрывая рот и нос одноразовой бумажной салфеткой.<br>2. В отсутствии салфетки, не следует кашлять в ладонь или кулак. Откашливаться необходимо в локтевой сгиб или тыльную поверхность руки.<br>3. Запрещается сплевывать мокроту/слюну на пол. Необходимо использовать одноразовые бумажные салфетки. |
| ***Проветривание помещений и обеззараживание воздуха*** | 1. Обеспечить сквозное проветривание учебных кабинетов, лекционных залов, спортивного зала, учебных мастерских после каждого урока в отсутствии обучающихся. Но не реже чем 1 раз в 2 часа.<br>2. Проветривание помещений также проводят после дезинфекционных мероприятий и кварцевания воздуха, если такие мероприятия проводятся.<br>3. С учетом погодных условий проведение занятий по физкультуре организовать на открытом воздухе. Использовать открытую спортивную площадку для занятий физической культурой, сократив количество занятий в спортивном зале.<br>4. По возможности обеспечить дезинфекцию воздушной среды с использованием приборов для обеззараживания воздуха (бактерицидные рециркуляторы, кварцевые лампы). |
| ***Дезинфекция и санитарное содержание помещений, оборудования, инвентаря*** | 1. Проводить во время перемен (не реже 2 раз в день) и по окончании занятий влажную уборку с использованием дезинфицирующих средств для обработки рабочих поверхностей, пола, дверных |

| | |
|---|---|
| | ручек, помещений пищеблоков, мебели, санузлов, вентилей кранов, спуска бачков унитазов.<br>2. Дезинфицирующие средства использовать в соответствии с инструкциями производителя в концентрациях для вирусных инфекций. |
| ***Меры по информированию обучающихся и сотрудников вузов*** | 1. Провести инструктаж сотрудников и профессорско-преподавательский состав по профилактике коронавирусной инфекции (Covid-19) с регистрацией в журнале инструктажей.<br>2. Разместить для преподавателей и обучающихся памяток по профилактики коронавирусной инфекции на информационных стендах и на сайте.<br>3. Обеспечить информирование учащихся о необходимости соблюдения масочного режима, гигиены рук, этикета кашля, физического дистанциирования, а также правил личной гигиены.<br>4. Провести информирование детей о механизмах передачи, симптомах, мерах профилактики новой коронавирусной инфекции путем ознакомления с рекомендациями и памятками. |
| ***Изоляционно-ограничительные меры*** | 1. Рекомендуется по возможности закрепить за каждой группой учебный кабинет, организовав предметное обучение и пребывание в закрепленном за каждой группой помещении; |
| ***Противоэпидемический режим в общежитиях*** | 1. Организовать ежедневный осмотр студентов - термометрия и опрос на наличие симптомов инфекции |